**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

«Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна

**КОРУТУНДУСУ**

2016-жылдын 11-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч. А. Айдарбекова, М. Р. Бобукеева, М. Ш. Касымалиев, К. М. Киргизбаев, Э.Ж. Осконбаев, А. О. Нарынбекова, Ч. О. Осмонова, Ж. И. Саалаевдин курамында, катчы М. Э. Толобалдиевдин,

кайрылуучу тарап – КСДП фракциясынын 2016-жылдын 19-сентябрындагы жана 7-октябрындагы чечимдери менен ыйгарым укуктуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясынын лидери Иса Шейшенкулович Омуркуловдун;

башка жактар – Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы, Кубатбек Табылдиевич Оторбаевдин; Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын кызыкчылыгын ишеним кат боюнча көздөгөн Анарбек Касымович Исмаиловдун; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кызыкчылыгын ишеним кат боюнча көздөгөн Канатбек Рахманбердиевич

Садыковдун; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кызыкчылыгын ишеним кат боюнча көздөгөн Жылдыз Жээнбаевна Мамбеталиеванын; Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кызыкчылыгын ишеним кат боюнча көздөгөн Жылдыз Сейитбековна Бокошованын; Судьялар Кеңешинин кызыкчылыгын ишеним кат боюнча көздөгөн Асхат Абубакирович Дуйсембиевдин; Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын кызыкчылыгын ишеним кат боюнча көздөшкөн Вероника Валерьевна Мирошникованын, Кулжабаев Марат Жусуповичтин, Чоробеков Марлен Чоробековичтин катышуусу менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1-бөлүгүн, 6-бөлүгүнүн 3-пунктун, 8-бөлүгүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктун, 18-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктун, 19-беренесинин 3-бөлүгүн, 37 жана 42-беренелерин жетекчиликке алып, «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна корутунду берүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумда карап чыкты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясынын лидери О. Ш. Омуркуловдун КСДП парламенттик фракциясынын 2016-жылдын 19-сентябрындагы чечиминин негизинде келтирген сунуштамасы ишти кароого себеп болуп саналат.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорунун адамдын жана жарандын пайдубал укуктарына жана эркиндиктерине, алардын чектөөлөрүнүн мүмкүнчүлүгүнө, демократиялык, укуктук, дин аралашпаган мамлекеттин принциптерине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 114-

беренесинде каралган Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибине ылайык келүүсүн текшерүү бул ишти кароого негиз болуп саналат.

Ишти соттук отурумга дайындаган судья-баяндамачы Э. Т. Мамыровдун маалыматын, кайрылуучу тараптын сөзүн, башка жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп, келтирилген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2016-жылдын 23-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясынын «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна тиркеме болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилген «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна корутунду берүү жөнүндө сунуштама келип түшкөн.

«Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна корутунду берүү жөнүндө сунуштама Конституциялык палатага Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 3-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 18-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна, 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна, 23-беренесине ылайык киргизилген.

Аталган Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде 2016-жылдын 23-сентябрында № 6-22317/16 катталган.

«Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорунун негиздеме-маалымкатында конституциялык жоболордогу айрым маселелерди Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүүсүз жөнгө салуу мүмкүн эмес деп көрсөтүлгөн. Демилгечилердин пикири боюнча бул маселелердин чечилбей жатышы адамдын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүн жана коопсуздугун камсыз кылууда тоскоолдук жаратууда. Мыйзам долбоорунун демилгечилери киргизиле турган өзгөртүүлөр айрым жоболордун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жалпы башаты жана мааниси менен болгон карама-каршылыктарын парламенттик демократиянын маани-маңызын өзгөртпөстөн, бардык жакшы жетишкендиктерди сактоо менен жоюшат, ошондой эле жаңы чакырыктарга жана коркунучтарга тиешелүү түрдө чара көрүү үчүн конституциялык негизди түзүшөт деп эсептешет. Сунушталып жаткан өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгын жана эгемендүүлүгүн, парламентаризмди чыңдоого, мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу жана аткаруу бутактарынын ортосундагы өз ара аракеттенүү принциптерин тактоого, ошондой эле сот реформасы жана укук коргоо органдарын реформалоо үчүн конституциялык негизди өркүндөтүүгө багытталган.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 23-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП парламенттик фракциясы «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна корутунду берүүнү суранат.

Судьялар коллегиясынын 2016-жылдын 28-сентябрындагы аныктамасы менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясынын сунуштамасы өндүрүшкө кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясынын лидери И. Ш. Омуркулов соттук отурумда келтирилген мыйзам долбоору боюнча оң корутунду берүүнү суранды.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы, Судьялар кеңешинин өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын Конституциясына сунушталган өзгөртүүлөрдү адамдын жана жарандын пайдубал укуктары менен эркиндиктерине, демократиялык, укуктук, башкарууга дин аралашпаган мамлекеттин принциптерине карама-каршы келбеген деп эсептеп, колдоосун билдиришти.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы кайрылуучу тарапты, башка жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, төмөнкү тыянактарга келди.

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 3-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна, 19-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна, 23-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөр тууралуу Мыйзамдын долбооруна корутунду берет.

«Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору Кыргыз

Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП, «Республика – Ата-журт» жана «Кыргызстан» фракцияларынын депутаттары менен «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна тиркеме болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин кароосуна киргизилген жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде 2016-жылдын 23-сентябрында № 6-22317/16 болуп катталган.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын бул иш боюнча кароо предмети төмөнкү мазмундагы «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору болуп саналат:

«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

1-берене

2010-жылдын 27-июнунда референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбуланын үчүнчү жана төртүнчү абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«адам, анын өмүрү, саламаттыгы, укуктары жана эркиндиктери жогорку баалуулуктар болуп саналган эркин жана көз карандысыз демократиялык мамлекетти куруу максатына берилгенибизди ырастап;

өлкөнүн келечегине бекем ишенгендигибизди жана кыргыз мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүүгө жана чыңдоого, мамлекеттик эгемендикти жана элдин биримдигин сактоого, анын тилин жана маданиятын өнүктүрүүгө майтарылбас эркибизди билдирип;»;

2) 6-берененин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Эл аралык келишимдерди жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин колдонуу тартиби жана шарттары мыйзамдар менен аныкталат.»;

3) экинчи бөлүмдүн биринчи главасынын аталышы төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

«Биринчи глава

Жалпы жоболор»

4) 16-берененин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт.»;

5) 20-беренеде:

2-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын: «Ушундай чектөөлөр аскердик же башка мамлекеттик кызматтын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен да киргизилиши мүмкүн.»;

4-бөлүктүн 5-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5) келишимдик милдеттенмелерин аткарууга мүмкүнчүлүгү жок деген негизде эле адамды эркиндигинен ажыратууга;»;

6) 24-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Кандайдыр бир келишимдик милдеттенмелерин аткарууга мүмкүнчүлүгү жок деген негизде эле эч ким эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн эмес.»;

7) 26-берене төмөнкүдөй мазмундагы 7-бөлүк менен толукталсын:

«7. Жасалган кылмыштын эскирүү мөөнөтү келгенде жазык жоопкерчилигинен бошотуу укугу мыйзам менен белгилениши мүмкүн. Геноцид жана экоцид кылмыштарына эскирүү мөөнөтүн колдонууга жол берилбейт.»;

8) 36-берененин 5-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5. Үй-бүлө мыйзамда белгиленген нике курагына жеткен эркек менен аялдын ыктыярдуу никеге туруусунун негизинде түзүлөт. Никелешип жаткан эки адамдын макулдугусуз никеге жол берилбейт. Нике мамлекет тарабынан катталат.

Жубайлар никеде жана үй-бүлөдө тең укуктарга жана милдеттерге ээ.»;

9) 41-berenenin 2-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмү алып салынсын;

10) 50-berenenin 2-бөлүгүнүн биринчи сүйлөмү «жаран» деген сөздөн кийин «конституциялык мыйзамда белгиленген учурлардан жана тартиптен тышкары» деген сөздөр менен толукталсын;

11) 64-беренеде:

3-бөлүктө:

1-пункт «Жогорку соттун» деген сөздөн кийин «жана Жогорку соттун Конституциялык палатасынын» деген сөздөр менен толукталсын;

2-пункттагы «Судьялар кеңешинин сунушу боюнча Жогорку соттун» деген сөздөр «ушул Конституцияда жана конституциялык мыйзамда каралган учурларда Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын же Судьялар кеңешинин сунушу боюнча Жогорку соттун жана Жогорку соттун Конституциялык палатасынын» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

4-пункттагы «Судьялар кеңешинин сунушу боюнча конституциялык мыйзамда каралган учурларда» деген сөздөр «ушул Конституцияда жана конституциялык мыйзамда каралган учурларда Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын же Судьялар кеңешинин сунушу боюнча» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

4-бөлүктүн 1-пунктундагы «үчтөн биринен кем эмесинин» деген сөздөр «жарымынан кем эмесинин» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

9-бөлүктүн 1-пунктундагы «Коргоо» деген сөз «Коопсуздук» деген сөз менен алмаштырылсын;

12) 68-беренеде:

1-бөлүктүн биринчи абзацынын экинчи сүйлөмү «Премьер-министр» деген сөздөн кийин «же Премьер-министрдин милдетин аткаруучу адам» деген сөздөр менен толукталсын;

2-бөлүк «кетирүүгө» деген сөздөн кийин «, мөөнөтүнөн мурда Президенттик шайлоодо Президенттин кызмат ордуна талапкер болууга» деген сөздөр менен толукталсын;

13) 70-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

«Парламенттик көпчүлүктүн фракцияларынын коалициясынан чыгуу жөнүндө чечим фракциянын депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес добушу менен фракция тарабынан кабыл алынат. Фракциянын чечими анын токтому менен таризделет жана фракциянын чыгуу үчүн добуш берген ар бир мүчөсү ага кол коёт.»;

14) 72-беренеде:

2-бөлүктүн биринчи абзацындагы «Жогорку Кеңештин депутаты» деген сөздөр «Ушул берененин 3-бөлүгүндө каралган учурлардан тышкары, Жогорку Кеңештин депутаты» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы 3-бөлүк менен толукталсын:

«3. Жогорку Кеңештин депутаты Премьер-министрдин же биринчи вице-премьер-министрдин кызмат ордуна депутаттык мандатын жана Жогорку Кеңештин пленардык жыйындарында добуш берүү укугун сактоо менен дайындалышы мүмкүн. Премьер-министрдин же биринчи вице-премьер-министрдин кызмат ордуна дайындалган депутаттын башка ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун жана чектөөнүн тартиби жана шарттары мыйзамдар менен аныкталат.

Премьер-министрдин же биринчи вице-премьер-министрдин кызмат ордундагы Жогорку Кеңештин депутатынын аталган кызматтан кетүүсү, бошотулушу жана милдеттерин аткарууну токтотушу анын депутаттык ыйгарым укуктарын толук көлөмдө калыбына келтирүүгө алып келет.»;

15) 74-берененин 4-бөлүгүндө:

1-пункт «Жогорку соттун» деген сөздөрдөн кийин «жана Жогорку соттун Конституциялык палатасынын» деген сөздөр менен толукталсын, «шайлайт» деген сөздөн кийин «ушул Конституцияда жана» деген сөздөр менен толукталсын;

7-пункт мамлекеттик тилдеги текстинде «шайлайт» деген сөздөн кийин «жана мыйзамда каралган учурларда кызматынан бошотот» деген сөздөр менен толукталсын;

8-пункт «Башкы прокурорду» деген сөздөн мурда «Президенттин сунуштамасы менен» деген сөздөр менен толукталсын, «үчтөн биринен кем эмес» деген сөздөр «жарымынан кем эмес» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

16) 75-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

«Фракциялар коалициясынын парламенттик көпчүлүк статусун жоготуусу Жогорку Кеңештин Төрагасынын ыйгарым укуктарын Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен тастыктоо зарылдыгын жаратат.»;

17) 81-берененин 2-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмү «мыйзамдар» деген сөздөн кийин «, Премьер-министр мындай мыйзамдарды кол койбостон кайтаруу жөнүндө кайрылган учурларынан тышкары, » деген сөздөр менен толукталсын;

18) 84-беренеде:

1-бөлүктүн биринчи абзацындагы жана 2-бөлүктүн биринчи абзацындагы «15» деген цифралар «25» деген цифралар менен алмаштырылсын;

7-бөлүктүн биринчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Фракциялар коалициясынын парламенттик көпчүлүк статусун жоготуусу Өкмөттүн кызматтан кетүүсүнө жана ушул беренеде каралган тартипте жана мөөнөттө анын жаңы курамынын түзүлүшүнө алып келет.»;

19) 86-берененин 1-бөлүгүнүн биринчи сүйлөмүндөгү «жылына бир жолудан көп эмес» деген сөздөр «жылына эки жолудан көп эмес» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

20) 87-беренеде:

1-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы биринчи абзац менен толукталсын:

«1. Жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңештин биринчи жыйыны болгон күндөн тартып Өкмөт кызматтан кетти деп эсептелет.»;

5-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5. Коргоо жана улуттук коопсуздук маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын жетекчилерин – Өкмөт мүчөлөрүн кошпогондо, Өкмөт мүчөсү Премьер-министрдин сунуштамасы боюнча ээлеген кызматынан бошотулушу мүмкүн. Президент аталган сунуштаманы алгандан кийин 5 жумушчу күндүн ичинде Өкмөт мүчөсүн ээлеген кызматынан бошотуу жөнүндө жарлык чыгарбаса, Премьер-министр парламенттик көпчүлүк фракция лидерлери менен кеңешкенден кийин Өкмөт мүчөсүн өзүнүн чечими менен ээлеген кызматынан бошотууга укуктуу.

Өкмөт мүчөсү кызматтан кеткен же кызматынан бошотулган учурда Премьер-министр 5 жумушчу күндүн ичинде бош кызмат ордуна талапкерди Жогорку Кеңешке сунуштайт. Жогорку Кеңеш жактырган талапкерди Президент Өкмөт мүчөсүнүн тиешелүү кызмат ордуна дайындайт. Талапкерди жактыруу жөнүндө Жогорку Кеңештин чечимин алган күндөн баштап Президент 3 жумушчу күндүн ичинде Өкмөт мүчөсүн дайындоо жөнүндө жарлыкты чыгарбаса, ал дайындалды деп эсептелет.»;

21) 89-берененин 7-пунктундагы «мыйзамда белгиленген тартипте» жана «жергиликтүү кеңештердин сунушу боюнча» деген сөздөр алып салынсын;

22) 94-берененин 9-бөлүгүндөгү «Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун судьяларынын кызмат ордуна талапкерлерге кошумча талаптар» деген сөздөр «Судьялардын кызмат ордуна талапкерлерге кошумча талаптар жана Жогорку соттун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын жана жергиликтүү соттордун судьяларына белгилүү бир чектөөлөр» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

23) 95-беренеде:

2-6-бөлүктөр төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Судья кынтыксыз жүрүм-турум талаптарын бузган учурда, Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын сунушу боюнча конституциялык мыйзамга ылайык кызмат ордунан бошотулат.

Ушул berененин 3-бөлүгүндө аталган учурлардан тышкары, аталган негиздер боюнча Жогорку соттун судьялары ээлеген кызмат орундарынан Президенттин сунуштамасы боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмес көпчүлүгүнүн добушу менен Жогорку Кеңеш тарабынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн. Жергиликтүү соттордун судьяларын кызмат ордунан Президент бошотот.

Кынтыксыз жүрүм-турум талаптарын бузгандыгына байланыштуу судьянын кызмат ордунан бошотулган адам андан ары мыйзамда белгиленген мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды ээлөө укугуна ээ болбойт жана судьялар жана мурдагы судьялар үчүн белгиленген жеңилдиктерди пайдалануу укугунан ажыратылат.

3. Судья каза болгондо, чектүү курагына жеткенде, кызматтан кеткенде же башка ишке өткөндө, аны каза болгон же дайынсыз жок деп жарыялаганда, аракетке жөндөмсүз деп тааныганда, жарандыгын жоготкондо, жарандыктан чыкканда же болбосо башка мамлекеттин жарандыгын алганда жана кынтыксыз жүрүм-турум талаптарын бузуу менен байланышпаган башка учурларда судьянын ыйгарым укуктары Судьялар кеңешинин сунушу боюнча аны шайлаган же дайындаган орган тарабынан ушул негиздер пайда болгон күндөн баштап конституциялык мыйзамга ылайык мөөнөтүнөн мурда токтотулат. Мында Жогорку соттун судьялары катышкан депутаттардын көпчүлүк добушу, бирок депутаттардын 50дөн кем эмес добушу менен кабыл алынган Жогорку Кеңештин чечими боюнча кызматынан бошотулат.

4. Судьяларды соттук тартипте кызматынан убактылуу четтетүүгө, жазык жана административдик жоопкерчиликке тартууга Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын макулдугу менен конституциялык мыйзамда аныкталган тартипте жол берилет.

5. Жергиликтүү соттордун судьяларынын кызмат ордуна талапкерлерди тандоону Судьяларды тандоо кеңеши конституциялык мыйзамда аныкталган тартипте жүзөгө ашырат.

6. Жергиликтүү соттордун судьяларын которууну (ротациялоону) Президент конституциялык мыйзамда аныкталган тартипте жана учурларда Судьялар кеңешинин сунуштамасы боюнча жүзөгө ашырат.»;

төмөнкүдөй мазмундагы 9-бөлүк менен толукталсын:

«9. Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын курамынын ар бир үчтөн бир бөлүгүн тиешелүүлүгүнө жараша Президент, Жогорку Кеңеш жана Судьялар кеңеши түзөт. Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын биринчи жыйналышын чакыруу анын курамынын кеминде үчтөн экиси түзүлгөндөн кийин Судьялар кеңешинин төрагасына жүктөлөт. Эгерде Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын биринчи жыйналышы 10 жумушчу күндүн ичинде өткөрүлбөсө, аны өткөрүүнү Президент уюштурат. Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын мүчөлөрүнүн жалпы саны, мүчөлүккө талапкерлерге коюлуучу талаптар жана комиссиянын ишин уюштуруунун башка маселелери мыйзам менен аныкталат.»;

24) 96-беренеде:

1-бөлүктөгү «жергиликтүү» деген сөз алып салынсын;

2-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Жогорку соттун пленуму сот практикасынын маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын бардык соттору жана судьялары үчүн милдеттүү болгон түшүндүрмөлөрдү берет.»;

25) 102-берененин 2-бөлүгүнүн үчүнчү абзацындагы «, судьяларды тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө маселелерди караган» деген сөздөр алып салынсын;

26) 104-беренеде:

1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1) аткаруу бийлик органдарынын, ошондой эле тизмеси конституциялык мыйзам менен аныкталган башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана аталган органдардын кызмат адамдарынын мыйзамдарды так жана бирдей аткаруусун көзөмөлдөө;»;

6-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«6) тизмеси конституциялык мыйзам менен аныкталган мамлекеттик органдардын кызмат адамдарына карата жазык иштерин козгоп, иштерди тиешелүү органдарга тергөөгө өткөрүп берүү, ошондой эле аскер кызматчыларынын статусуна ээ болгон адамдарды жазыктык куугунтуктоо.».

2-берене

1. Бул Мыйзамга Кыргыз Республикасынын Президенти кол коюуга тийиш жана ал расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет. Мында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 72, 75, 81 жана 87-беренелерине өзгөртүү киргизилген жоболор 2017-жылдын 1-декабрында күчүнө кирет.

2. Ушул Мыйзам менен киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын расмий тексти ушул Мыйзам күчүнө киргенден кийин он төрт күндөн кечиктирбестен, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан жарыяланууга тийиш. Мында 2010-жылдын 27-июнундагы референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясында кетирилген мамлекеттик жана расмий тилдердеги тексттердин ортосундагы карама-каршылыктар «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 11-июлундагы № 131 Мыйзамынын редакциясындагы «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 Мыйзамынын 6-беренесинин 3 жана 4-бөлүктөрүндө белгиленген эрежелер боюнча жоюлат.

3. Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулган мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар ушул Мыйзамдын редакциясындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбеген бөлүгүндө колдонулат.

4. Ушул Мыйзамдын редакциясындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 7-бөлүгүндө каралган учурлардан тышкары, «Кумтөр» алтын кенин иштетүүгө даярдоого жана иш жүзүндө өздөштүрүүгө байланыштуу кызматтык кылмыштарды, ошондой эле «Кумтөр» кенин иштеткен мамлекеттик эмес ишканалардагы жана уюмдардагы кызматтын кызыкчылыктарына каршы кылмыштарды жасаган адамдарга жазык жоопкерчилигине тартуунун эскирүү мөөнөтү колдонулбайт.

Аталган адамдар ушул кылмыш жосундарын кайсыл убакта жасагандыгына карабастан жазык жоопкерчилигине тартылууга жана сотко берилүүгө тийиш, буга эскирүү мөөнөтүн колдонуу тууралуу мыйзамдуу күчүнө кирген сот актылары бар адамдар кирбейт.

5. Кыргыз Республикасынын Президенти жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзүнүн ыйгарым укуктарын алар тиешелүү түрдө шайланган мөөнөт аяктаганга чейин сакташат жана аларды ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып, анын жоболорун эске алуу менен ишке ашырат.

6 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы, Төраганын орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан шайланган же дайындалган башка кызмат адамдары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мүчөлөрү, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы жана төраганын орун басарлары өзүнүн ыйгарым укуктарын алар шайланган же дайындалган мөөнөт аяктаганга чейин же

болбосо кызмат ордунан бошотууга алып келген мыйзамдарда каралган башка жагдайлар келип чыкканга чейин сакташат.

7. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын, ошондой эле жергиликтүү соттордун 2010-жылдын 27-июнундагы Кыргыз Республикасынын Конституциясын ишке ашыруу үчүн кабыл алынган мыйзамдардын жоболоруна ылайык шайланган же дайындалган төрагалары, төрагалардын орун басарлары жана судьялары өзүнүн ыйгарым укуктарын алар шайланган же дайындалган мөөнөт аяктаганга чейин же болбосо кызмат ордунан бошотууга алып келген конституциялык мыйзамда каралган башка жагдайлар келип чыкканга чейин сакташат.».

2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы мамлекеттин негизги мыйзамы болуп туруп коомдук келишимди – Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын демократиялык негизде азыркы жана келечектеги муундардын алдында кабыл алган Конституцияда бекитилген негизги ченемдерге ылайык жашоо жана мамлекеттик бийликтин жана анын чечимдеринин мыйзамдуулугун камсыз кылыш үчүн аларды урматтоо, ошондой эле адамдын укуктарын жана негизги эркиндиктерин камсыз кылуу милдеттенмесин чагылдырат.

Бул коомдук келишимди колдоодо Конституциянын туруктуулугун сактоо эң негизги шарт болуп эсептелет, бул мамлекеттик түзүлүштүн туруктуулугуна, жарандардын укуктары жана эркиндиктеринин жүзөгө ашырылышын камсыз кылуучу институттардын өркүндөшүнө, конституциялык мыйзамдардын жана укук тартибинин сакталышына, ошондой эле Конституцияда айтылган максаттар жана милдеттерди жүзөгө ашыруунун камсыз кылынышына алып келет. Ушуну менен бирге Конституциянын туруктуулугу Конституциянын жоболоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы пайда болгон учурда ага кедерги болбойт.

Ошондой эле, мыйзамдуулукту камсыз кылуу максатында мыйзам чыгаруу демилгесинин тийиштүү субъекттери менен демилгеленген Конституцияга болгон өзгөртүүлөрдүн долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тарабынан Конституция менен бекитилген ыйгарым укуктардын алкагында конституциялык контролго алынышы керек.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна корутунду берүүдө анын адамдын жана жарандын пайдубал укуктарына жана эркиндиктерине, алардын чектөөлөрүнүн мүмкүнчүлүгүнө, демократиялык, укуктук, дин аралашпаган мамлекеттин принциптерине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 114-беренесинде каралган Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибине ылайык келүүсүн бүтүндөй жана ар бир жобосун өзүнчө карап чыкты.

Адамдын жана жарандын пайдубал укуктары жана эркиндиктери болуп адам менен жарандын инсан болуу жана инсан катары өнүп-өсүшү үчүн мамлекет түзгөн базалык жагдай-шарттар менен пайдалануу табигый мүмкүнчүлүгү эсептелинет. Дал ушул максатта мамлекеттин Негизги мыйзамында адамдын жана жарандын статусу чагылдырылат жана мамлекеттик бийликтин бардык органдары менен корголуучу укуктук кепилдиктердин тутуму бекитилет.

Мамлекет теңдик жана адилеттик принциптеринин негизинде инсандын, коомдун жана мамлекеттин баалуулуктарынын бир убакта корголушун укуктук механизмдер аркылуу тең салмагын сактоо менен камсыз кылууга милдеттүү. Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдүн долбоорунун ченемдеринин ылайык келүүсү ушул жоболорду эске алуу менен текшерилди.

3.1. Мыйзам долбоору менен преамбула, 64-берененин 3-бөлүгүнүн 1, 2, 4-пункттары, 4-бөлүгүнүн 1-пункту, 9-бөлүгүнүн 1-пункту, 68-берене, 70-

берененин 3-бөлүгү, 72-берененин 2, 3-бөлүктөрү, 74-берененин 4-бөлүгүнүн 1, 7, 8-пункттары, 75-берененин 3-бөлүгү, 81-берененин 2-бөлүгү, 84-берене, 86-берененин 1-бөлүгү, 87-берене, 89-берененин 7-пункту, 95, 96-беренелери, 102-берененин 2-бөлүгү, 104-беренеге сунуштаган өзгөртүүлөр: демократиялык мамлекетти куруунун жогорку баалуулуктарын аныктоо менен, анын максаттарын тактоого; тил жана маданиятты өнүктүрүүгө; Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигин регламенттөөчү Контитуциянын айрым жоболорун тактоого; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин көпчүлүк фракцияларынын каолициясынын туруктуулугун арттырууга; аткаруу бийлик бутагынын стабилдүүлүгүн парламенттик көпчүлүктүн фракциялар коалициясынын туруктуулугу жана Премьер-министр же биринчи вице-премьер-министр кызматтарына дайындалган депутаттын депутаттык мандатынын сакталышы аркылуу, ошондой эле Премьер-министрдин Жогорку Кеңештин алдына Өкмөткө ишеним көрсөтүү маселесин коюу мүмкүндүгү аркылуу камсыз кылууга; Өкмөт мүчөсүн бошотуу жана Премьер-министрге жергиликтүү кеңештердин катышуусуз жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын дайындоо укугун берүү бөлүгүндө кенемтени жоюуга; соттук реформа жана укук коргоо органдарынын реформасы үчүн конституциялык негиздерди жакшыртууга багытталган, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин жоюуну же чектөөнү карабайт.

3.2. 6-берененин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 16-берененин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 20-берененин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна, 24-берененин 2-бөлүгүнө, 26-берененин 7-бөлүгүнө, 36-берененин 5-бөлүгүнө, 41-берененин 2-бөлүгүнө, 50-берененин 2-бөлүгүнө, 94-берененин 9-бөлүгүнө, 95-берененин 2-бөлүгүнүн үчүнчү абзацына өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду камтыган жана адамдын укуктары менен эркиндиктерин козгоочу Мыйзам долбоорунун ченемдери адамдын жана жарандын пайдубал укуктары жана эркиндиктерине, аларды чектөө мүмкүнчүлүгүнө ылайык келүүсү бааланган.

3.3. Мыйзам долбоорунда 6-берененин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацын жаңы редакцияда баяндоо сунушталат: «Эл аралык келишимдер менен жалпыга таанылган принциптерди жана эл аралык келишимдердин ченемдерин колдонуу тартиби жана шарттары мыйзамдар менен аныкталат.».

Бул абзацтын азыркы редакциясы адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин ченемдери түздөн-түз колдонулат жана башка эл аралык келишимдин ченемдерине караганда артыкчылыкка ээ деп караштырат.

Эл аралык келишимдин иштөөсү, келишим анын катышуучулары үчүн эл аралык-укуктук ченемдерди жана алардан келип чыгуучу укуктар менен милдеттерди жаратууну болжойт. Эл аралык келишимдердин иштөөсү жана колдонулушу андан келип чыгуучу милдеттенмелердин баардык анын катышуучулары тарабынан так аткарылуусун болжойт (pacta sunt servanda). Ошентип, күчүнө кирген жана ага ылайык колдонуудагы эл аралык келишимдердин жоболору анын катышуучусу болгон мамлекеттер тарабынан ыктыярдуу түрдө милдеттенмелерди ак ниеттүү аткаруу принцибинин негизинде аткарылуусу керек. Мамлекеттер түзүлгөн келишимди өздөрү аткарышат жана аны көзөмөлдөшөт. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацынын сунушталып жаткан жаңы редакциясы эл аралык келишимдердин, анын ичинде Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелинген адам укуктары боюнча келишимдердин аткарылышын камсыз кылуучу уюштуруу мүнөзүндөгү иш-чараларды мыйзамдын деңгээлинде бекитүүнү болжойт, бул мындай укуктук мамилелерди жөнгө салуунун жалпы тажрыйбасы болуп эсептелинет. Мындай мыйзам, ошондой эле тийиштүү мыйзамдык жана башка ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга багытталган жоболорду да, башкача айтканда Кыргыз Республикасында колдонулуп жаткан эл аралык келишимдердин мыйзамдар менен камсыз болуусун жана эл аралык келишим бузулган учурда көрүлүүчү чараларды бекиткен жоболорду камтый алат. Ушуга байланыштуу, Мыйзам долбоорунун 6-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи

абзацынын жаңы редакциясы адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин жоюуну же чектөөнү караштырбайт.

3.4. Мыйзам долбоорунун 16-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын жаңы редакциясы:

«Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт.»;

Конституциянын 16-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын сунушталып жаткан жаңы редакциясы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын преамбуласына сунушталган өзгөртүүлөр менен өз ара байланышта, ал жерде мамлекеттин жогорку баалуулуктары аталууда, алардын катарына адам, анын өмүрү, саламаттыгы, укуктары жана эркиндиктери киргизилген. Ушуга байланыштуу Мыйзам долбоорунун демилгечилери адамдын укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет деп белгилешүүдө, башкача айтканда бул баалуулуктар акыркы эмес. Калган жагында 16-берененин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын редакциясы стилистикалык мүнөздөгү өзгөртүүлөргө дуушар болду жана адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жоюуну же чектөөнү караштырбайт.

3.5. Мыйзам долбоору менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүн төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толуктоо сунушталат: «Ушундай чектөөлөр аскердик же башка мамлекеттик кызматтын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен да киргизилиши мүмкүн.».

Бул көбүнесе тактоо мүнөзүндөгү толуктоо, чектөөлөр анын ичинде аскер кызматкерлерине же мамлекеттик кызматтын башка чөйрөлөрүндө өзүнүн ишин жүргүзгөн адамдарга карата да киргизилиши мүмкүн деген сөз, анткени адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектөө мыйзам менен улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-

ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында киргизилиши мүмкүн.

Чектөөнүн максаттары көрсөтүп тургандай – бул мамлекеттин коомдук кызыкчылыктары, аларга жетүү үчүн чектөөлөр аскер кызматкерлерине гана эмес, мамлекеттик же муниципалдык кызматка тиешеси жок адамдарга карата да киргизилиши мүмкүн. Ошондуктан мыйзам чыгаруучу тарабынан жарандардын укуктары менен эркиндиктерине чектөөлөрдү киргизүүдө, мындай чектөөлөр кайсы субъектке карата киргизилип жатканына карабастан, киргизилип жаткан чектөөлөр кайсы конституциялык маанилүү максатка жетүү үчүн багытталганын көрсөтүү эң маанилүү болуп эсептелинет, жана Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацынын акыркы сүйлөмүндө көрсөтүлгөндөй киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек. Баяндалганды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы сунушталган толуктоолордо аскер кызматкерлеринин жана башка мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдардын укуктары менен эркиндиктерин кемсинтүүнү тапкан жок.

3.6. Окшош мүнөздөгү өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусун аныктоо тартибин регламенттөөчү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 94-беренесинин 9-бөлүгүнө да сунушталууда. Көрсөтүлгөн беренеге болгон бул толуктоону Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгү менен тутумдаш байланышта кароо керек. Башкача айтканда, Конституциянын 94-беренесинин 9-бөлүгүнө болгон толуктоо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын эске алуу менен колдонулууга тийиш. Тармактык мыйзам менен бекитилген субъективдик укукту жүзөгө ашыруунун чектөөлөрү судьялардын жогорку конституциялык-укуктук статусун кемсинтпей туруп конституциялык жол берилген чен белгилерге жооп берүүсү керек. Конституциянын 94-беренесинин 9-бөлүгүнө болгон толуктоо конституциялык мыйзам менен судьялар үчүн тийиштүү

чектөөлөрдү киргизүү мүмкүндүгүн сунуштайт, бирок алардын укуктары менен эркиндиктерин жоюп же болбосо чектебейт.

3.7. Конституциянын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктунун жана 24-беренесинин 2-бөлүгүнүн сунушталуучу редакциясы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 11-беренесин кайталайт. Демилгечилер Мыйзам долбоорунун негиздеме-маалымкатында белгилегендей, Конституциянын көрсөтүлгөн ченемдеринин колдонуудагы редакциясы митаамдык аракеттер үчүн өбөлгө түзүү менен өзгөртүүлөрдү киргизүүнү шарттаган, анткени көрсөтүлгөн ченемдер мындай адамдарга жарандык-укуктук милдетенмелерди аткарбагандыгы үчүн жазык жоопкерчилигинен кутулуп кетүүгө жол берүүдө. Ушуга байланыштуу сунушталган өзгөртүү жол бериле турган болуп көрүнөт жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакты бекиткен талаптардын чегинен чыкпайт жана жарандык-укуктук милдеттенмелерди аткарбагандык үчүн жоопкерчиликти өтө эле күчөтүү катары каралышы мүмкүн эмес.

3.8. Мыйзам долбоорунун 26-беренесинин 7-бөлүгү жасалган кылмыштын эскирүү мөөнөтү келгенде жазык жоопкерчилигинен бошотуу укугу мыйзам менен белгилениши мүмкүн деп аныктайт. Геноцид жана экоцид кылмыштарына эскирүү мөөнөтүн колдонууга жол берилбейт.

Согуштук кылмыштарга жана адамзатка каршы кылмыштарга карата эскирүү мөөнөтүн колдонбоо жөнүндө Эл аралык Конвенция менен геноцидге, адамзатка каршы кылмыш катары эч кандай эскирүү мөөнөттөрү колдонулбай тургандыгын белгилеп кетүү керек. Экоцид эл аралык кооптуулуктун мүнөзү жана даражасы боюнча геноцидге жакын жана ар бир мамлекет Табият чөйрөсүнө таасир этүү каражаттарын согуштук же ар кандай башка душмандык пайдаланууга тыюу салуу жөнүндө конвенцияга ылайык өзүнүн конституциялык жол-жоболоруна ылайык, зарыл деп эсептеген каалаган чараларды көрүүгө милдеттенет.

Ушуга байланыштуу, көрсөтүлгөн кылмыштарга карата эскирүү мөөнөтү колдонулбастыгы жөнүндө ченемдердин Конституцияда бекитилүүсү жол берилүүчү жагдай болуп эсептелинет.

Ал эми кылмыштын эскирүү мөөнөтү боюнча жазык жоопкерчилигинен бошотуу укугу туурасында, кылмыш жоопкерчилигине тартуунун эскирүү мөөнөтү деп мыйзамда белгиленген белгилүү бир убакыттын өтүп кетишин, ал өтүп кеткенден кийин адам ал жасаган кылмыш үчүн жоопкерчиликке тартылбай тургандыгын түшүнүү керек. Бул убакыт мезгили күнөөлүү адамдын жасаган кылмышынын мүнөзүнөн көз каранды жана түздөн-түз Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси менен аныкталат. Ушуга байланыштуу Конституциянын 26-беренесине болгон толуктоо жол берилүүчү болуп эсептелет, ошондой эле адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерине жаңы чектөөлөрдү киргизбейт.

3.9. Мыйзам долбоорунун 36-беренесинин 5-бөлүгүндө элибиздин салттуу рухий маданиятынын негизинде курулган үй-бүлөнүн салттуу түшүнүгү берилет. Бул түшүнүк толугу менен ушул берененин биринчи бөлүгү менен шайкеш келтирилет, ал жерде үй бүлө, ата болуу, эне болуу, балалык – бүткүл коомдун камкордугуна алынуу жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголуу предмети экени аныкталган.

Бул укуктук мамилелердин ченемдик укуктук жөнгө салынышын Кыргыз Республикасында жашаган элдердин социалдык, тарыхый жана рухий салттарын эске албастан куруу мүмкүн эмес.

Ушуга байланыштуу, нике жашына жеткен эркек менен аялдын ыктыярдуу түрдө үй-бүлө куруусун караштырган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 36-беренесинин 5-бөлүгүнө сунушталуучу өзгөртүү калыптанган коомдук баалуулуктардын жана жүрүм-турум ченемдеринин ишке ашырылуусу деп түшүнсө болот.

3.10. Мыйзам долбоору менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 41-беренесинин 2-бөлүгүндөгү эл аралык органдар тарабынан адамдын укуктары менен эркиндиктери бузулганы таанылган

учурларда Кыргыз Республикасы тарабынан бузулган укуктар менен эркиндиктерди калыбына келтирүү жана/же зыяндын ордун толтуруу жөнүндө ченемедик жоболорду алып салуу сунушталат.

Конституциянын 6-беренесине киргизилип жаткан өзгөртүүлөр боюнча белгиленип кеткендей, бул ченемдин алынып салынышы Кыргыз Республикасынын ал катышуучу болуп эсептелген эл аралык келишимдер, анын ичинде адам укуктары боюнча келишимдер боюнча милдеттенмелеринен баш тартуусун түшүндүрбөйт.

Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 5-июлундагы № 49 Мыйзамы менен Кыргыз Республикасы кошулган эл аралык келишимдердин укугу жөнүндө Вена Конвенциясынын 26-беренесине ылайык ар бир колдонуудагы келишим анын катышуучулары үчүн милдеттүү жана алар тараптан ак ниеттүү аткарылышы керек. Ошону менен бирге, Конвенциянын 27-беренеси катышуучу, келишимди анын аткарбашы үчүн актануу катары өзүнүн ички укугунун жоболоруна шилтеме жасай албайт деп билдирет.

Эл аралык укуктун pacta sunt servanda (келишим аткарылышы керек) фундаменталдык принцибинен улам Кыргыз Республикасы өзү катышуучу болгон эл аралык келишимдердин алкагындагы милдеттенмелерин аткарууга милдеттүү. Эл аралык милдеттенмелерди ак ниеттүү аткаруу принциби ошондой эле Кыргыз Республикасы мүчө болгон Бириккен Улуттар Уюмунун Уставында (2-берененин 3-пункту) да бекитилген.

Ошондуктан Конституциянын 41-беренесинин 2-бөлүгүнө сунушталуучу өзгөртүүлөрдү эл аралык келишимдерди колдонуу тартиби мыйзамдар менен аныкталат деп бекиткен 6-берененин 3-бөлүгүнө болгон өзгөртүүлөр менен тутумдаш байланышта кароо керек. Эл аралык келишимдерди аткарууну конституциялык-укуктук регламенттөөнүн мындай ыкмасына жол берилет жана бул ыкма эл аралык укуктун ченемдери менен принциптеринин маанисин кемсинтпейт жана жарандардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү укуктарын чектебейт.

3.11. Мыйзам долбоорунун 50-беренесинин 2-бөлүгүнө болгон толуктоосу жарандыктан ажыратуу конституциялык мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте гана болушу мүмкүн деп караштырат. Муну менен Мыйзам долбоорунун демилгечилери ажыратылгыс жарандык принцибинен баш тартууну сунуштоодо.

Жарандыктын институту эки жактуу мүнөзгө ээ, бир жагынан ал адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргойт, экинчи жагынан мамлекеттин кызыкчылыктарын коргойт. Мамлекет адамга укуктар менен эркиндиктерин берип жатып, анын кызыкчылыктары менен мүмкүнчүлүктөрүнүн ишке ашырылуусуна, бул мамлекеттин юрисдикциясына жараша укуксуз аракеттерден корголушуна кепилдик кылат. Анын ордуна мамлекет адамдан жүрүм-турумдардын бекитилген эрежелеринин, милдеттеринин сакталышын талап кылат. Бул сыяктуу талап мамлекеттин эгемендүүлүк принцибинен улам келип чыгат жана мамлекет тарабынан өз функцияларын аткарууга багытталган. Бул жобо Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 15-беренесине ылайык келет.

Жарандыктан ажыратууну көптөгөн демократиялык мамлекеттер жаза санкциясы катары колдонушат. Жарандыктан ажыратуу – бул жарандын жүрүм-туруму мамлекеттин кызыкчылыктарына жана мыйзамдарына шайкеш келбей жаткан учурда мамлекет тарабынан көрүлгөн акыркы чара. Адатта, жарандыктан ажыратуу – бул белгилүү бир адамдын жүргөн-турганына байланыштуу санкция.

Кыргыз Республикасы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган эгемендик принцибин жетекчиликке алып, жарандык маселе боюнча укуктук жөнгө салууну тандоодо эркин. Ошону менен бирге эле конституциялык мыйзамда жарандыктан ажыратуунун бул багытта өзүм билемдик аракеттерди жокко чыгаруучу негиздери жана тартиби бекитилиши керек.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 50-беренесинин 2-бөлүгүнө сунушталган бир дагы жаран конституциялык

мыйзамда белгиленген учурлардан жана тартиптен тышкары өзүнүн жарандыгынан жана өзүнүн жарандыгын өзгөртүү укугунан ажыратылышы мүмкүн эмес деген толуктоо дискриминациялык ченем же адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жол берилгис чектөө катары каралышы мүмкүн эмес.

3.12. Сунушталган Мыйзам долбоору менен Конституциянын 95-беренесинин 2-бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү каралат, ага ылайык кынтыксыз жүрүм-турумдун талаптарын бузгандыгына байланыштуу судьянын кызмат ордунан бошотулган адамда андан ары мыйзамда белгиленген мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды ээлөө укугу жок жана судьялар жана мурдагы судьялар үчүн белгиленген жеңилдиктерди пайдалануу укугунан ажыратылат. Көрсөтүлгөн жагдай сот адилеттигин ишке ашыруу учурунда судьялардын жоопкерчилигин арттырууну болжойт.

Ушуга байланыштуу судьянын статусу судьянын өз ыйгарым укуктарын так жана туура аткаруусу менен аныкталат, ошондой эле аны бул аркеттерге кызматка шайлануу убагында салатанаттуу ант берүүсү да милдеттендирет. Ант берүү судьяга өзгөчө конституциялык-укуктук статус ыйгарат. Мындай статус судьяны мыйзамда бекитилген талаптарды кармануuга милдеттендирет жана ага жүктөлгөн чектөөлөрдү сактоого даярдыгын билдирет, башкача айтканда, судья көз карандысыз жана кесиптик билимдер менен өзүнүн ички ынанымдарынын негизинде гана адилет сот жүргүзүүгө милдеттүү. Судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу, анын конституциялык-укуктук статусу менен шартталган өзгөчөлүккө ээ, ал өз кезегинде бир жагынан судьянын текшерилбестиги менен жоопкерсиздиги жана экинчи жагынан судьянын көз карандысыздыгы, анын коом алдындагы милдеттеринин ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылат.

Сот бийлиги мамлекеттик бийликтин бир бутагы катары мамлекеттик жана коомдук турмуштун укугун, укуктук негиздерин ар кандай укук бузуулардан, аны ким жасаганына карабастан коргоого милдеттүү. Судьяларга жарандардын жана юридикалык жактардын укуктары, эркиндиктери, милдеттери жана

менчиктери жөнүндө маселелер боюнча акыркы чечим кабыл алуу милдети жүктөлөт. Дал ошон үчүн судьялардын кабыл алып жаткан чечимдери үчүн жоопкерчилиги сот адилеттигин жана адам укуктарынын корголушун талап кылган бардык адамдар үчүн мыйзамдуулуктун күрөөсү жана ажырагыс кепилдик болуп саналат.

Бул укуктук каражат судья - сот бийлигинин алып жүрүүчүсү кабыл алынып жаткан чечимдер үчүн жогорку жоопкерчиликти сезе билген шарттарда гана таасирдүү жана натыйжалуу болушу мүмкүн жана сунушталуучу чара судьялык кызматка кынтыксыз эмес адамдардын келишине кандайдыр бир деңгээлде бөгөт болот.

Ушуга байланыштуу Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 95-беренесинин 2-бөлүгүнүн үчүнчү абзацында каралган чектөөлөрдү жол берилгидей деп эсептейт.

4. Конституциянын 1-беренесине ылайык Кыргыз Республикасы эгемендүү, демократиялуу, укуктук, башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы ага берилген ыйгарым укуктардын алкагында «Кыргыз Республикасынын Конгституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна корутунду берип жатып, анын демократиялык, укуктук, башкарууга дин аралашпаган мамлекеттин принциптерине шайкештигин текшерет.

Башкарууга дин аралашпоо принциби диний ынанымдардан мамлекетти бөлүп чыгарууну болжойт, бирок коомдук турмуштан динди такыр чыгарып салууну билдирбейт. Ошондой эле ал коомдук-саясий бийликти уюштуруунун негизги формасы катары мамлекеттин ролун сактоо менен мамлекеттин жана диний уюмдардын таасир этүү чөйрөлөрүн чектеп берүүгө көмөктөшүп турат. Бул принцип Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренесинен келип чыгууда.

«Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору менен дин жана мамлекеттин өз ара аракеттешүү маселелери козголгон жок жана диний уюмдардын жана ырым-жырым кызматкерлеринин ишмерлигин регламенттөөчү кандайдыр бир ченемдер киргизилген эмес.

5. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын «Конституциялык түзүлүштүн негиздери» деген биринчи бөлүмү конституциялык жөнгө салуунун өзөктүү принциптерин, анын ичинде Конституциянын башка бөлүмдөрүндө өнүккөн демократиялык, укуктук мамлекеттин принциптерин да аныктайт.

Демократия – бул эл бийлиги, саясий плюрализм, конституциянын үстөмдүгү, жарандардын эркиндиктери менен теңдиги, адам укуктарынын ажрагыстыгы сыяктуу принциптерди таанууга негизделген мамлекеттик түзүлүштүн формасы. Аны ишке ашыруунун формасы бийликтер бөлүштүрүлгөн, өнүккөн эл өкүлчүлүк тутуму бар республикалык башкаруу болуп саналат.

Өз ара аракеттешүү маселесин жөнгө салууда мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлиги бутактарына бөлүштүрүлгөн мамлекеттик бийликтин иш аракеттери менен ыйгарым укуктарынын өз ара катышын так укуктук регламенттөө өзгөчө орунду ээлейт. Мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлик бутактарынын ишмердиги көз карандысыздык, мыйзамдуулук жана мамлекеттик бийликтин жана жүргүзүлүп жаткан саясаттын бирдиктүүлүгү принциптерине негизделет.

Бийликтин үч бутагынын өз ара аракеттешүүсүнүн сынактан өткөн тең салмактуу механизмин сактабай туруп, мамлекеттик бийликтин жана мамлекеттин жүргүзүп жаткан саясатынын бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу мүмкүн эмес. Дал ошон үчүн ар бир бийлик бутагынын мамлекет берген өзүнүн функциясы бар, ал аны башка бийлик бутактарынан айырмалап жана ошону менен алардын иш-аракеттеринде атаандаштыкты же башка терс көрүнүштөрдү жокко чыгарат.

5.1. 6-berененин 3-бөлүгүнө, 16-берененин 1-бөлүгүнө, 20-берененин 2-бөлүгүнө, 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна, 24-берененин 2-бөлүгүнө, 26-берененин 7-бөлүгүнө, 36-берененин 5-бөлүгүнө, 41-берененин 2-бөлүгүнө, 50-берененин 2-бөлүгүнө, 94-берененин 9-бөлүгүнө, 95-берененин 2-бөлүгүнүн үчүнчү абзацына болгон өзгөртүүлөр кандайдыр бир даражада адамдын укуктары менен эркиндиктерине, аларды жүзөгө ашыруу кепилдиктерине тиешелүү. Ушуга байланыштуу, көрсөтүлгөн ченемдердин адамдын жана жарандын пайдубал укуктары менен эркиндиктерине, аларды чектөө мүмкүндүгүнө шайкештиги текшерилген. Жүргүзүлгөн баа берүүнү эске алуу менен жогоруда аталган ченемдер ошондой эле демократиялык, укуктук мамлекеттин принциптерине, анын ичинде укуктук мамлекеттин принциптеринин бири болуп саналган адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу принцибине да карама-каршы келбестигин белгилейбиз.

5.2. Конституциянын преамбуласы негизги, эң маанилүү жана андан ары контитуциянын бүткүл текстин тутумдашып уюштуруучу принциптер менен позицияларды түптөйт. Преамбулага болгон өзгөртүүлөрдү дал ушул өңүттөн алып кароо керек, ал жерде көз карандысыз демократиялык мамлекетти курууга басым жасалып, анын жогорку баалуулуктары катары адам, анын өмүрү, саламаттыгы, укуктары менен эркиндиктери көрсөтүлүп турат. Преамбулада мамлекеттин тил менен маданиятын өнүктүрүүгө багытталган позиция да түптөлүүдө. Көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр кимдир бирөөнүн укуктарын кемсинтүүнү болжобойт, жана демократиялык, укуктук мамлекеттин принциптерине карама-каршы келбейт, ошондой эле улуттук аң-сезимди бекемдөө максатына ээ.

5.3. Мыйзам долбоорунун демилгечилери Президенттин ыйгарым укуктарын жөнгө салуучу Конституциянын 64-беренесине тактоолорду киргизүүнү сунуштап жатышат. Атап айтсак, Конституциянын 64-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна болгон толуктоо колдонуудагы Конституциянын кенемтесин толтуруу болуп саналат, аны менен Жогорку Кеңешке Президент тарабынан Жогорку соттун судьялары менен катар Жогорку соттун

Конституциялык палатасынын судьяларынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерлер сунушталынат.

Конституциянын 64-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2, 4-пункттарына сунушталуучу өзгөртүүлөр Конституциянын 95-беренесине болгон өзгөртүүлөрдө каралган судьяларды кызматтан бошотуунун жаңы тартиби менен өз ара байланышкан жана Президентке кошумча ыйгарым укуктарды берүүнү болжобойт.

Конституциянын 64-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна болгон өзгөртүү Башкы прокурорду Жогорку Кеңеш тарабынан кызматынан бошотуу процедурасын татаалдатат, муну менен Башкы прокурордун ишинин туруктуулугу камсыз болот. Бул өзгөртүү Башкы прокурорду кызматтан бошотууга Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын жарымынан кем эмес добушу менен макулдугун берүүнү караган Конституциянын 74-беренесинин 4-бөлүгүнүн 8-пунктуна болгон өзгөртүү менен өз ара байланышкан, ал эми көрсөтүлгөн ченемдин колдонуудагы редакциясы менен Башкы прокурорду Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринен кем эмес добушу менен кызматтан бошотуу мүмкүнчүлүгү каралган.

64-берененин 9-бөлүгүнүн 1-пунктунда Коргоо кеңешинин ордуна Коопсуздук кеңеши деп өзгөртүү сунушталат. Мыйзам долбоорунун демилгечилери негиздеме-маалымкатында белгилегендей, азыркы иштеп жаткан Коргоо кеңешинин аталышы өтө тар жана согуш мезгилине гана ылайыкталган. Ал эми бул органдын функциясы кеңирирээк, ал коопсуздуктун бардык аспектилерин карайт. Мыйзам долбоорунун демилгечилери Кыргыз Республикасы мүчө болгон ЖККУнун (ОДКБ) бардык өлкөлөрүндө Коопсуздук кеңеши деген ат менен иштеген органдар бар жана ал уюмдун өзүнүн деңгээлинде иштеген коопсуздук кеңештердин катчыларынын кеңеши бар.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринде, анын ичинде парламенттик башкаруу формасыдагы мамлекеттерде мамлекеттин бардык жашоо чөйрөлөрүндөгү заманбап көйгөйлөр менен коркунучтарды алдын ала жокко чыгаруу боюнча

чечимдерди иштеп чыгуу башкы функциясы болуп саналган коопсуздук кеңеши, улуттук коопсуздук кеңеши сыяктуу консультативдик органдар иштейт деп белгилейт. Ушуга байланыштуу, сунушталуучу өзгөртүү азыркы убакыттын көйгөйлөрүн жана коркунучтарын алдын ала жок кылуу боюнча заманбап тенденцияларга жооп берет жана бийлик бутактарынын ортосундагы тең салмактуулукту бузбайт.

Конституциянын 68-беренесине болгон өзгөртүү Премьер-министрдин милдетин аткаруучу Президенттин милдетин аткарып калышы мүмкүн болгон жагдайдын кенемтесин толтурууга жана шайлоо процессине катышкан бардык Президенттин кызмат ордуна талапкерлер үчүн тең шарттарды түзүүгө багытталган.

Жалпысынан Конституциянын 64 жана 68-беренелерине болгон өзгөртүүлөр тактоо мүнөзүндө, Президенттин ыйгарым укуктарын күчөтүүгө багытталган эмес жана демокартиялык, укуктук мамлекеттин принциптерине карама-каршы келбейт.

5.4. Конституциянын 70-беренесинин 3-бөлүгүнө болгон толуктоо парламенттик көпчүлүктүн фракциялар коалициясынын туруктуулугун камсыз кылууга багытталган, анткени парламенттин түзүмдүк туруктуулугу Өкмөттүн стабилдүү жана натыйжалуу иштешине өбөлгө түзөт. Конституцияда парламенттик көпчүлүктүн фракциялар коалициясынан чыгуу механизмин ченемдик бекитүү мүмкүн болуучу нерсе жана фракция мүчөлөрүнүн пикирлерин манипуляциялоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат, анткени мындай чечимдин фракциянын бардык депутаттары менен макулдашуу даражасы тууралуу маселе дайыма ачык бойдон кала берген.

Парламенттин түзүмдүк туруктуулугу маселесин чечүүгө фракциялардын коалициясы парламенттик көпчүлүк статусун жоготкон учурда Жогорку Кеңештин Төрагасынын ыйгарым укуктарын ырастоону караштыруучу Конституциянын 75-беренесинин 3-бөлүгүнө сунушталуучу толуктоону киргизсе болот.

Конституциянын 70-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 75-беренесинин 3-бөлүгүнө болгон өзгөртүүлөр мыйзам чыгаруучу органдын ички уюштурулушун өркүндөтүүгө багытталган, башка бийлик бутактарынын ыйгарым укуктарына тиешеси жок, бирок ошону менен бирге аткаруу бийлик бутагынын туруктуу иштөөсү үчүн толугу менен демократитялык, укуктук мамлекеттин принциптерине шайкеш келген өбөлгөлөрдү түзүп берүүдө.

5.5. Конституциянын 72-беренесине болгон өзгөртүүлөр Премьер-министрдин жана биринчи вице-премьер-министрдин кызмат ордуна дайындалган депутаттардын депутаттык мандатынын сакталышын караштырат. Өкмөттөгү ишти депутаттын ишмерлиги менен айкалыштыруу бийликти бөлүштүрүү теориясында жаңылык эмес. Кызмат орундарды айкалыштыруунун мындай тажрыйбасы парламенттик башкаруу формасындагы өлкөлөрдө колдонулуп жүрөт.

Парламентаризмдин эң башкы өзгөчөлүгү Парламенттеги саясий күчтөрдүн ара катышынын негизинде Өкмөттү түзүү жана бийликти элден алган Парламенттин алдында Өкмөттүн жоопкерчилиги принциптеринде камтылган. Ошондой эле шайлоочулар шайлоодон кийин күчтүү жана туруктуу Өкмөткө кызыгдар экенин белгилеп кетүү керек. Азыркы кездеги Жогорку Кеңешке шайлоонун пропорционалдык системасы саясий ара катыштын негизинде, анын ичинде фракциялардын өкүлдөрүнүн арасынан Өкмөттү түзүүнү болжойт. Ошентип, фракциялардын лидерлери жана башка депутаттар Премьер-министрдин же биринчи вице-премьер-министрдин кызмат ордун алуу жолу менен өзүлөрүнүн саясий программаларын жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн алышат.

Өкмөт кеткен учурда мындай адамдар депутаттын мандатынын иштөө мөөнөтүндө Парламенттеги мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгү аркылуу өлкөнүн коомдук-саясий жашоосуна активдүү катышуу мүмкүнчүлүгүн сактап калышы керек. Парламенттин депутатынын мандаты менен Премьер-министрдин же биринчи вице-премьер-министрдин кызмат ордун айкалыштыруу мүмкүнчүлүгү дал ушуну менен шартталат.

5.6. 74-беренеге болгон өзгөртүүлөр тактоо мүнөзүнө ээ жана Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарынын маанисин өзгөрткөн жок.

5.7. Конституциянын 81-беренесинин 2-бөлүгүнө болгон өзгөртүүлөрдү Конституциянын 80-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган ченемдин туунду ченеми катары кароо керек. Сунушталуучу ченем аткарылышы финасы ресурстары менен бекемделбеген же болбосо, ишкерчилик чөйрө үчүн терс кесепеттерди алып келүүчү же республикалык же жергиликтүү бюджеттен киршелерден түшүп калуусуна алып келген жаңы салыктарды киргизүүгө же колдонуудагы салыктарды алып салууга багытталган мыйзамдарды кабыл алуудан кутулууга мүмкүнчүлүк берет. Ушуга байланыштуу Конституциянын 88-беренесинде Өкмөткө берилген ыйгарым укуктарды эске алуу менен бул ченемди Конституцияга киргизүү мүмкүн болуучу нерсе.

5.8. Конституциянын 84-беренесин колдонуу тажрыйбасын эске алуу менен Мыйзам долбоорунун демилгечилери тарабынан Премьер-министрдин кызматына талапкерди дайындоо жана анын Жогорку Кеңештин кароосуна Өкмөттүн программасын, түзүмүн жана курамын бекитүү мөөнөтүн көбөйтүү сунушталууда.

Аталган берененин 7-бөлүгүнө болгон өзгөртүү тактоочу мүнөздө жана фракциялар каолициясынын парламенттик көпчүлүк статусун жоготкон учурда Өкмөттүн кетишин жана жаңы Өкмөттү түзүүнүн тартибин ар кандай түшүнүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Аталган өзгөртүүлөр демократиялык жана укуктук мамлекеттин принциптерине карама-каршы келбейт.

5.9. Конституциянын 86-беренесинин 1-бөлүгүнө болгон өзгөртүү Премьер-министр тарабынан Жогорку Кеңештин алдына Өкмөткө ишеним көрсөтүү маселесин жылына эки жолудан көп эмес жолу коюу мүмкүнчүлүгүн караштырат. Ишеним вотуму Өкмөттүн, ага жүктөлгөн ыйгарым укуктарды ишке ашыруу жана аткаруу боюнча көрүлүп жана аткарылып жаткан аракеттерин Парламенттин колдоого алуу деңгээлин өлчөй турган аспап болуп саналат. Адатта ишеним вотумун көрсөтүү жөнүндө маселени коюунун саны Конституцияда көрсөтүлбөйт, бул Өкмөттүн өзүнүн иш аракетине макулдук

алуу үчүн мындай маселени Парламенттин алдында каалаган убактысында коюу мүмкүнчүлүгүн болжолдойт. Мында Өкмөткө ишеним көрсөтүүнү ырастоо механизми мамлекеттик бийлик органдарын өз ара текшерүү каражаттарынын бири болуп саналат жана бийлик бутактарынын ортосунда токтото туруу жана тең салмактуулук тутумун камсыз кылууга багытталган.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы сунушталуучу өзгөртүүлөрдү демократиялык, укуктук мамлекеттин принциптерине карама-каршы келбейт деп белгилейт.

5.10. Конституциянын 87-беренесинин 1-бөлүгүнүн жаңы редакциясы жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңештин биринчи отурум күнүнөн тартып Өкмөт кызматынан кетти деп эсептелинет деп караштырат. Бул толуктоо Конституциянын 84-беренесинин мазмунунан келип чыгат, ага ылайык жарымынан көп депутаттык мандаттарга ээ болгон фракция же ал катышкан фракциялар коалициясы жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңештин биринчи отурум күнүнөн тартып жаңы Өкмөт түзүү жол-жобосун башташат. Бул үчүн Жогорку Кеңештин мурунку чакырылышы менен түзүлгөн Өкмөт кызматынан кетиши керек.

Демек сунушталып жаткан толуктоо Конституциянын кенемтесин толуктайт жана демократиялык, укуктук мамлекеттин принциптерине карама-каршы келбейт.

5.11. Конституциянын 87-беренесинин 5-бөлүгүнүн жаңы редакциясы коргоо жана улуттук коопсуздук маселелери менен алектенген мамлекеттик органдарынын Өкмөт мүчөсү болгон жетекчилеринен тышкары Премьер-министрдин демилгеси менен Өкмөт мүчөлөрүн кызматынан бошотууга байланышкан Конституция менен жөнгө салынбаган маселелерди чечүүгө багытталган. Бул ченем жалпысынан Өкмөттүн ишмердүүлүгүнө жооп берүүчү Премьер-министрге аларга жүктөлгөн милдеттерин аткара албаган Өкмөт мүчөлөрүнө карата чара колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет. Сунушталып жаткан өзгөртүүлөр бийликти бөлүштүрүү принцибине ылайык келет, аткаруу бийлик

бутагынын өз алдынчалыгын бекемдөөгө багытталган жана демократиялык, укуктук мамлекеттин принциптерине карама-каршы келбейт.

5.12. Конституциянын 88-беренесинин Премьер-министр тарабынан жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларын дайындоо бөлүгүнө болгон өзгөртүү ушул ченемди мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттери менен ыйгарым укуктарын чектөө принцибине ылайык келтирүүгө багытталган жана демократиялык, укуктук мамлекеттин принциптерине шайкеш келет.

5.13. Конституциянын 95-беренесине болгон өзгөртүүлөр Тартиптик комиссияны түзүүнүн башкача тартибин караштырат, ага кынтыксыздык талаптарын бузган учурда судьяны бошотууга сунушту өз алдынча киргизүү жана судьяларды соттук тартипте салынган жазык жана административдик жоопкерчиликке тартууга макулдук берүү укугу ыйгарылат. Мында, кынтыксыздыкты бузууга байланышпаган негиздер боюнча судьяларды бошотуу сунуштарын киргизүү укугу Судьялар кеңешинде калтырылат. Судьялар кеңешине Судьяларды тандоо кеңешинен конституциялык мыйзамда аныкталган тартипте жана учурларда судьяларды ротациялоого сунуштарды киргизүү укугу өткөрүлүп берилүүдө. Конституциянын 102-беренесинин 2-бөлүгүндө баяндалганга байланыштуу Мыйзам долбоорунун демилгечилери Судьялар кеңешинин ыйгарым укуктарынан судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселелерди кароону алып салууну сунушташат.

Тартиптик комиссияны Президент, Жогорку Кеңеш жана Судьялар кеңеши теңдик башаттардын негизинде түзүүсү толук жол бериле турган болуп саналат. Ошону менен бирге, Жогорку Кеңеш Тартиптик комиссиянын мүчөлүгүнө талапкерлер үчүн жалпы талаптарды аныктоочу мыйзамды иштеп чыгууда же болбосо кароодо жана кабыл алууда 1985-жылдын ноябрь айында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясында жактырылган Судьялардын көз карандысыздыгы жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Негизги принциптерин, ошондой эле анын негизинде кабыл алынган судьялардын статусу жөнүндө

Европалык Хартияны эске алуусу керек. Бул Хартиянын 1.3-пункту кеминде жарымы шайланган судьялардан турган, судьянын милдеттерин аткарууда санкцияларды колдонуу маселесинде сунуштары, рекомендациялары же макулдугу зарыл болгон коллегия же органдын болуу зарылдыгын аныктайт. Көрсөтүлгөн документтерде каралган механизмдер судьяга карата санкция колдонуу маселесин чечүүдө бийлик бутактарынын башка өкүлдөрүнүн мүмкүн болгон үстөмдүк кылуусун жок кылууга жана сот бийлик бутагынын көз карандысыздык принцибин камсыз кылууга багытталган.

Судьяларды ротациялоо жөнүндө сунуштаманы киргизүү укугун Судьяларды тандоо кеңешинен Судьялардын кеңешине өткөрүп берүү Конституциянын 94-беренесинин 1-бөлүгүндө бекитилген судьялардын көз карандысыздык принцибин бузбайт, анткени бардык ротациялоо учурлары жана которуу тартиби конституциялык мыйзамга ылайык так аныкталып турат.

Жогоруда баяндалганга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Конституциянын 95-беренесине сунушталуучу өзгөртүүлөр бийликти бөлүштүрүү принцибине ылайык келерин жана судьялардын көз карандысыздыгына шек келтирген жоболорду камтыбай тургандыгын белгилейт.

5.14. Конституциянын 96-беренесинин 2-бөлүгүнө сунушталуучу өзгөртүүлөр Жогорку соттун Пленумунун соттук тажрыйбанын маселелери боюнча түшүндүрмөлөрүнүн Кыргыз Республикасынын бардык соттору жана судьялары үчүн милдеттүүлүгүн караштырат.

Жогорку соттун соттук тажрыйбанын маселелери боюнча Пленумунун токтомдору эң башкысы колдонуудагы мыйзам ченемдерин түшүндүрүүгө, соттук тажрыйбанын бирдиктүүлүгүн камсыз кылууга жана соттук коргонуунун натыйжалуулугун арттырууга багытталган.

Жогорку соттун Пленумунун түшүндүрмөлөрү өзүнүн мүнөзү боюнча мыйзамга карата жардамчы мааниге ээ. Бул түшүндүрмөлөрдүн мааниси мазмуну көп маанилүү, мааниси боюнча түшүнүксүз, баалоочу, карама-каршы же толук эмес болгон мыйзамдарга жана башка укуктук актыларга укук

колдонуудагы кыйынчылыктарды жана соттук тажрыйбадагы кемчиликтерди жоюу максатында аныктыкты берүүдө турат.

Жогорку соттун Пленумунун токтомдорунун соттор жана судьялар үчүн милдеттүүлүгү судьялар сот адилеттигин жүзөгө ашырууда алардын көз карандысыздык жана өз алдынчалык принциптерине карама-каршы келбейт. Сот адилеттигин жүзөгө ашырууда судьялар көз карандысыз жана Конституция менен мыйзамга гана баш ийет, бирок ошону менен бирге эле, алар өлкөнүн бүткүл аймагында укуктар менен эркиндиктердин бирдей корголушун камсыз кылып, материалдык жана процесстик укуктун тийиштүү ченемдерин туура колдонууга милдеттүү. Жогорку сотко берилип жаткан ыйгарым укуктар мына ушул максаттарга жетүү үчүн багытталган. Ушуну менен мындай токтомдор Конституциянын жана мыйзамдардын алкагынан чыкпашы керек.

5.15. Конституциянын 104-беренесине болгон өзгөртүүлөр прокуратура органдарына тизмеси конституциялык мыйзамда белгилене турган мамлекеттик органдардын кызмат адамдарына карата кылмыш иштерди козгоо жана ошондой эле аскер кызматкеринин статусу бар адамдарды жазыктык куугунтуктоо жүргүзүү укугун калтырып, алардын ыйгарым укуктарынан кызмат адамдарын жазыктык куугунтуктоо ыйгарым укугун алып салууну караштырат.

Прокуратура органдарынын ыйгарым укуктарынан тергөө амалдарын жүргүзүү укугун алып салууну, баарыдан мурда, анын мыйзамдын үстөмдүгүн, мыйзамдуулуктун бирдиктүүлүгүн жана бекемделишин камсыз кылуу эң башкы максаты болгон өтө маанилүү укук коргоо органдарынын бири катары конституциялык-укуктук статусу менен кароо керек.

Жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы инсандын укуктук корголушун камсыз кылууда негизги ролду ойнойт. Анын прокурордук көзөмөлдүн предмети болуусу демократиялык мамлекеттердин укуктук тутумунда жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин үстөмдүгүн таанууга негизделген. Алардын сакталышы мамлекеттеги инсандын укуктук

статусун аныктоочу мыйзам менен коюлган эрежелердин так аткарылуусунда көрүнөт.

Прокуратура көзөмөлдөө ишмердигин аткарууда, анын ичинде ыкчам-издөө ишмердигин, тергөөнү, жазаларды аткарууну ишке ашырган органдардын мыйзамдарды сактоосуна көзөмөл жүргүзүүдө да укук коргоо функциясын аткарат.

Ушуга байланыштуу, укук коргоо органдарын реформалоо шарттарында сунушталуучу өзгөртүүлөр бийлик бутактарын бөлүштүрүү принцибин бузбайт жана укуктук мамлекеттин принциптерине ылайык келет.

6. Мыйзам долбоорунун 2-беренесинин 1, 2, 3, 5, 6, 7-пункттары Конституцияга болгон өзгөртүүлөрдүн күчүнө кирүү тартибин регламенттөөчү өткөөл жоболорду камтыйт, алар, мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылган тексттердеги айырмачылыктарды четтетүүнү, «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө киргенге чейин мыйзамдар менен башка ченемдик-укуктук актылардын колдонулушун карайт. Мыйзам долбоорунун бул беренеси Кыргыз Республикасынын Президенти жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши шайланган мөөнөткө, алардын ыйгарым укуктарынын сакталышы маселелерин жөнгө салат. Мыйзам долбоорунун көрсөтүлгөн беренеси башка да мамлекеттик органдарынын кызмат адамдарынын, ошондой эле 2010-жылдын 27-июнундагы Кыргыз Республикасынын Конституциясын ишке ашырууга кабыл алынган мыйзамдардын жоболоруна ылайык Жогорку соттун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын жана жергиликтүү соттордун шайланган же дайындалган төралагаларынын, төрагаларынын орун басарларынын, судьяларынын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү аяктаганга чейин же кызматтан бошотууга алып келүүчү конституциялык мыйзамда же мыйзамдарда жагдайлар күчүнө киргенге чейин сакталышын карайт.

Көрсөтүлгөн ченемдер адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жоюуну же чектөөнү карабайт, демократиялык, укуктук мамлекеттин принциптерине карама-каршы келбейт.

6.1. Мыйзам долбоорунун 2-беренесинин 4-пункту «Кумтөр» алтын кенин иштетүүгө даярдоого жана иш жүзүндө өздөштүрүүгө байланыштуу кызматтык кылмыш жасаган адамдарга, ошондой эле «Кумтөр» кенин иштетүүнү ишке ашырган мамлекеттик эмес ишканалардагы жана уюмдардагы кызматтын кызыкчылыктарына каршы кылмыштарды жасаган адамдарга карата да эскирүү мөөнөтүн колдонууну жокко чыгарат.

Жазык укугунда эскирүү мөөнөтү - убакыттын ал өткөндөн кийин жасалган кылмышка карата укуктук аракеттер жасалбай турган мезгили, адам кылмыш жоопкерчилигинен бошотулат же ага жаза колдонулбайт. Жазык иштери боюнча эскирүү мөөнөтүн колдонуу гуманизм белгилерин ишке ашыруу болуп саналат да, укук бузуучунун коомдук кооптуулугун жоготуусуна жана аны жоопкерчиликке тартуу максатка ылайык эместигине байланыштуу болот.

Мыйзамда эскирүү мөөнөтү белгиленген кылмыштар боюнча колдонууда эскирүү мөөнөтүн алып коюу мамлекетке жана бүткүл элге келтирилген чыгымдын масштабдары эбегейсиз жана орду толгус өзгөчө учурларда мүмкүн, анткени мындай жосундар убакыттын өтүүсү менен өзүнүн коомдук кооптуулугун жоготпойт.

Мына ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин Конституциялык палатасы Мыйзам долбоорунун 2-беренесинин 4-пунктунда көрсөтүлгөн кылмыштар боюнча эскирүү мөөнөтүн колдонууну жокко чыгарган жоболорду Мыйзам долбооруна киргизүүнү мүмкүн деп эсептейт, анткени Кыргыз Республикасынын эли бийликтин толук ээси жана бул маселени референдумда түздөн-түз чечүүгө укугу бар.

7. «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору «Кыргыз

Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна тиркеме болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна сексен төрт кишиден турган депутаттардын тобу, башкача айтканда Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн эки бөлүгүнөн ашыгы менен киргизилген жана 2016-жылдын 23-сентябрында № 6-22317/16 болуп катталган.

Конституциянын 114-беренесинин 1-бөлүгү ушул Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан дайындалган референдум менен кабыл алынышы мүмкүн деп бекитет. Ошентип, Конституцияга өзгөртүү киргизүүнүн жолдорунун бири болуп референдум саналат. Ошону менен бирге, Конституция Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча референдумду өткөрүү жөнүндө маселени ким демилгелей алары жөнүндө түз ченемди камтыбайт. Демек, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча референдумду өткөрүү жөнүндө маселе Конституциянын 114-беренесинин 3-бөлүгүнүн үчүнчү абзацы менен аналогия боюнча чечилиши керек, ага ылайык Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам рефрендумга Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмесинин демилгеси менен чыгарылышы мүмкүн.

Ушуга байланыштуу, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу мыйзам долбоору Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмеси менен демилгелене алат.

Конституциялык палатага корутунду берүү үчүн киргизилген «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш

берүүнү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна тиркеме болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн эки бөлүгүнөн ашыгы менен киргизилген.

Ошентип, «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору референдумга чыгарылуу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 114-беренесинде белгиленген тартипти бузбастан демилгеленген.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 3-пунктун, 8-бөлүгүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 3-бөлүгүн, 46, 47, 48, 51 жана 52-беренелерин жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы чыгарган

**К О Р У Т У Н Д У:**

1. «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна тиркеме болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилген жана Жогорку Кеңеште 2016-жылдын 23-сентябрында № 6-22317/16 болуп катталган «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору адамдын жана жарандын пайдубал укуктарына жана эркиндиктерине, алардын чектөөлөрүнүн мүмкүнчүлүгүнө, демократиялык, укуктук, дин аралашпаган мамлекеттин принциптерине, Кыргыз Республикасынын

Конституциясынын 114-беренесинде каралган Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибине каршы келбейт.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Корутундусу акыркы жана даттанылууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

3. Корутунду бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелери, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга жатат.

4. Бул Корутунду мамлекеттик бийликтин расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысында» жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**

Бул Корутунду боюнча судья Э.Ж. Осконбаевдин өзгөчө пикири бар (төмөндөгүнү караңыз).

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна судья Э. Ж. Өскөнбаевдин**

**өзгөчө пикири**

1. Конституция жөн гана мамлекеттин Негизги Мыйзамы болбостон, бул эриш-аркак тутумдаштыруучу касиеттерге ээ болгон программалык документ, ага ылайык мамлекеттик түзүм, турмуш тиричилик, баалуулуктар менен ориентирлер тутуму аныкталат, анткени дал ушулардын негизинде коом иштейт да, өнүгөт. Ал эми Конституцияга коом үчүн баалуу жана манилүү деп саналган тиричиликтин жөндөөчүсү милдети ыйгарылып жаткандан кийин, ага башка ченемдик укуктук актылар ичинен юридикалык күчтүн да жогорку даражасы ыйгарылат. Ошондуктан анын жөндөөчү чөйрөсүндөгү ар кандай өзгөрүүлөр, мейли алар анча маанилүү болбосун же тескерисинче абдан зарыл болсун, баары бир алар терс кесепеттин алып келбей койбойт, анткени бул жагдай Конституциянын, анын маанисин мамлекеттик институттар жана коом алдында бүтүндөй түшүрүлүп, мамлекеттин баш мыйзамы катары бекемделишине жол берилбейт.

Ошондуктан конституционализм теориясында демократиялык жана укуктук мамлекеттердин Конституциянын козголбос принциптерин сактоо зарылдыгы өзгөчө орунду ээлейт, анын өзөгү Конституциянын омоктуу жана туруктуу болушунда турат да, ченемдери мезгилге же башка кандайдыр бир (саясий, экономикалык, социалдык) таасирлерге карабастан иштеп турат. Бул мамлекеттин түптөлгөн пайдубалы өзгөрүлбөс болуу керек дегенди билдирет.

Конституциянын козголбостугу Конституция деген мүмкүн болушунча узак мөөнөт ичинде мамлекеттин саясий, укуктук жана коомдук турмушунун негизги ченемдер тутуму болуусун болжойт.

Конституциянын козголбостугун башка өзгөчөлүктөр менен бирге демейдеги укуктук жөнгө салуудан конституциялык укуктук жөнгө салуу айырмалап турат, ал эми колдонуудагы кичүүлүгү анык болгон укуктук ченемдер Конституцияга салыштырмалуу мамлекеттин жана коомдун өнүгүү динамикасына карай эч кандай коркунчу жок эле өзгөртүүлөргө дуушар боло берет. Мына ушуга байланыштуу, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби акыйкатта жеңил, жөнөкөй жана тез болуу мүмкүн эмес, атүгүл кичүүлүгү анык болгон демейдеги ченемдик укуктук актысына өзгөртүү киргизүүдөн да жеңил болушу мүмкүн эмес.

2. Конституцияга өзгөртүү киргизүү жол-жобосу өзү сунушталып жаткан өзгөртүүлөрдү ар кыл пландагы эл ичиндеги жана институционалдык талкууну камсыз кылган татаал, көп кырдуу жана эриш-аркак кадамдардан турушу керек, себеп Конституцияга өзгөртүү киргизүү Конституциянын козголбостугунан артык экени аң сезимден орун алыш керек. Айткандай, мындай тартипти сактоо Конституциянын дагы бир өзгөчөлүгүн дароо ачат, ал Конституциянын өзүнүн рухуна гана таандык – бир учурда көптөгөн өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүн эмес, себеби алар саны боюнча гана эмес, мазмуну боюнча көп, мындай жагдай демилгечилердин койгон максатына жетишүүсүнө жол бербейт.

Конституциянын козголбос принциптеринин баардык тарабын мындай түшүнүп мамиле кылууну демократиялык, укуктук мамлекеттер карманат, Кыргыз Республикасы да, Конституциясынын 114-беренесинде Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн болушунча татаал жол-жоболорду караганы Конституциянын козголбос принциптерин колдогону болуп саналат.

Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн катаал жол-жоболордун болуусу демократиялык конституционализмдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Конституцияга түзөтүүлөрдү киргизүү жол-жоболорун сактоо, түзөтүүлөрдүн жактырылышына жана жолунун ачылышына, ошондой эле жаңы конституциялык салттардын түптөлүшүнө көмөк түзөт. Ал эми, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү ченемдери жана жол-жоболору ар кыл жоромолдор менен талаштардын предмети болсо, же демократиялык

принциптерди сактабастан шашылыш түрдө ишке ашырылып жаткан болсо, бул мамлекеттеги туруктуулукту ордунан козгоп, Конституциянын өзүнө шек келтириши мүмкүн.

3. Мыйзам чыгаруучу Кыргыз Республикасынын 114-беренесин ишке ашыруу максаттарда тунгуч конституциялык мыйзам чыгаруучулардын оюн ачкан мыйзамды кабыл алуу керек эле, бүгүнкү күндө ал Конституциянын жоболорун ар кандай жоромол кылууга жол бербейт эле.

Ага карабастан, бул берененин жоболору жеткиликтүү деңгээлде аныкталган жана эң негизгиси - Конституцияга олуттуу бөгөттөрдү ашуу жолу менен гана өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүн экендигин белгилей кетүү керек.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 114-беренеси Конституцияга эки жол менен өзгөртүүлөрдү киргизүүнү карайт:

- Жогорку Кеңеш дайындаган рефрендум аркылуу Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзамды кабыл алуу менен (114-берененин 1-бөлүгү);
- Жогорку Кеңеш тарабынан Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзамды кабыл алуу менен (114-берененин 2-бөлүгү).

Бул беренеде да Конституцияга өзгөртүүлөрдү демилге кыла турган ыйгарым укуктуу субъектилер так аныкталган, алар:

- Жогорку Кеңештин депутаттардын жалпы санынан көпчүлүгү;
- 300 миңден кем эмес шайлоочулар (114-берененин 2-бөлүгү).

Мында 114-берененин 1-бөлүгү ченем чыгармачылык техникасынан алып караганда процесстик мүнөздөгү ченемдерди баяндоодо кийинки бөлүктөрү менен тактала турган жалпы ченем болуп саналат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамды кабыл алуу боюнча референдумду дайындоодо, алардын баардык белгиленген мөөнөттөр жана жол-жоболорун сактоо менен Конституцияга өзгөртүүлөр жөнүндө Мыйзамды кабыл алуунун акыркы стадиясында Жогорку Кеңеш акыркы чечимди кабыл алуу үчүн мамлекеттик бийликтин тике булагы болгон – Кыргызстандын элине өткөрүп

берүү зарылдыгы жөнүндө чечимге келсе, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 114-беренесинин 3-бөлүгүнүн ченемдик жоболорун гана колдоно алат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 114-беренесинин 3-бөлүгүнүн ченемдик жоболору Жогорку Кеңештин жалпы депутаттарынын жалпы санынан үчтөн экисинен кем эмес депутаттардын демилгеси менен Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам рефрендумга чыгарылышы мүмкүн деген сөз, ушул эле берененин биринчи жана экинчи абзацтарында айтылган ойдун уландысы болуп, бир эле укуктук ченемдин кийинки элементи жана обочо турган бир укуктук кырдаалды өз бетинче жөнгө салуу катары каралышы мүмкүн эмес. Демек, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоору демилгечилери тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 114-беренесинин 3-бөлүгүнүн абзацына шилтеме жасаганы негизсиз.

Ошону менен бирге, 2010-жылдын 27-июнундагы “Конституцияны колдонууга киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинде Жогорку Кеңеш тарабынан 2020-жылдын 1-сентябрына чейин Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибин колдонууга чектөө коюлган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 25-сентябрындагы токтомунда баяндалган позициясына ылайык Конституция жана “Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө” Мыйзам бир табигый бүтүндүк жана бири биринен ажыратылгыс. Бул “Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө” Мыйзамдын жоболорунун Конституция сыяктуу эле юридикалык күчү бар.

Демек, “Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө” Мыйзамы менен Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби боюнча кандайдыр-бир чектөөлөр коюлган болсо, алар кыйшаюсуз сакталуусу керек жана эч бир жагдайларда көңүлгө алынбай коюлушу мүмкүн эмес.

Ал эми Конституцияга өзгөртүүлөрдү демилгелөө жол-жобосу Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибинин ажыратылгыс бөлүгү болсо, анда Жогорку Кеңеш депутаттардын жалпы санын көпчүлүгү менен да, жалпы санынан үчтөн экисинин бөлүгү менен да 2020-жылдын 1-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгечи субъектиси боло албайт.

Ошентип, “Кыргыз Республикасына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча референдумду (жалпы добуш берүүнү) дайындоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна тиркеме болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилген “Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун демилге кылуу Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн белгиленген конституциялык тартипти бузуу менен жасалган.

**Судья** **Э. Ж. Осконбаев**